***ЭКОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ***
***ЭКОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***ECOLOGICAL SCIENCES***

***DOI:10.26104/NNTIK.2023.52.67.021***

***Момунова Г.А., Карабаев Ж.А., Гананова Э.***

# ӨРҮКТҮН ПАЙДА БОЛУУ ТАРЫХЫ ЖАНА БИОЭКОЛОГИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

***Момунова Г.А., Карабаев Ж.А., Гананова Э.***

# ИСТОРИЯ ВОЗНИКНОВЕНИЯ И БИОЭКОЛОГИЧЕСКАЯ ОСОБЕННОСТЬ АБРИКОСА

***G. Motunova, J. Karabaev, E. Gananova***

# THE HISTORY OF THE ORIGIN AND BIOECOLOGICAL FEATURE OF APRICOT

*УДК: 634.21*

*Бул макалада дүйнө жүзү боюнча өрүктөрдүн келип чыгуу тарыхы жана алардын биологиясы, экологиясы, таркалуусу каралды. Өрүк Кытайда б.з.ч. 2 миң жыл мурда эле белгилүү болгондугун бир канча окумуштуулар изилдешкен. Өрүк Armeniaca Scop. түрүнө жана роза гүлдүүлөр (Rosaceae) уруусунун кара өрүк (Prunoideae) кичи уруусуна кирет. Ал эми К.Ф. Костинанын ишинде өрүктүн көпчүлүк сорттору Armeniaca vulgaris Lam. түрүнө кирет. Armeniaca тукумунун ареалы батышта алдынкы Азияга жана Закавказьяга чейин жетип, Кытайдын, Орто Азиянын тоолуу райондорун камтыйт. Өсүмдүктөр таштуу жана кургак күнөстүү жантаймаларда абдан жакшы өсөт. Сорттордун Орто Азия тобу өзүнүн өнүгүүсүнө көбүрөөк жылуулук талап кылат. Бул сорттор оң температуранын суммасы 200-250 градуста гүлдөйт, мөмөлөрү 2000-2250 градуста бышып жетилет.*

***Негизги сөздөр**: өрүк, биология, экология, тарых, классификация, сорт, мөмө.*

*В данной статье рассматривается история происхождения абрикосов, их биология, экология и распространение по миру. Несколько ученых исследовали тот факт, что абрикосы были известны в Китае еще за 2 тысячи лет до нашей эры. Абрикос Armeniaca Scop. и подсемейства Сливовые (prunoideae) семейства розоцветных (Rosaceae). А в работе К.Ф. Костиной большинство сортов абрикоса относятся к типу Armeniaca vulgaris Lam. Ареал рода Armeniaca доходит на западе до Средней Азии и Закавказья и включает горные районы Китая и Средней Азии. Лучше всего растения растут на каменистых и сухих солнечных склонах. Среднеазиатская группа сортов требует для своего развития большего количества тепла. Эти сорта цветут при плюсовой температуре 200-250 градусов, а плоды созревают при 2000-2250 градусах.*

***Ключевые слова**: абрикос, биология, экология, история, классификация, сорт, плод.*

*This article discusses the history of the origin of apricots and their biology, ecology and distribution around the world. Apricot in China BC several scientists studied what was already known 2,000 years ago. Apricot Armeniaca Scop. and subfamilies Plum (prunoideae) of the Rosaceae family. And in the work of K.F. Kostina, most varieties of apricot are Armeniaca vulgaris Lam. refers to the type. The range of the genus Armeniaca in the west reaches Central Asia and Transcaucasia and includes the mountainous regions of China and Central Asia. Plants grow best on rocky and dry sunny slopes. The Central Asian group of varieties requires more heat for its development. These varieties bloom at positive temperatures of 200-250 degrees, and the fruits ripen at 2000-2250 degrees.*

***Key words:** apricot, biology, ecology, history, classification, variety, fruit.*

Дүйнө жүзү боюнча өрүктөрдүн 1500дөн ашык сорту бар. Өрүктөрдүн мекени болуп Кытай жана Орто Азия эсептелет. Кытайда б.з.ч. 2 миң жыл мурда белгилүү болгон, ал эми Орто Азиянын элдери аны б.з.ч. V кылымдын биринчи жарым жылдыгынан баштап өстүрө баштаган. Батыш Европанын бакчаларына б.з. I кылымынын ортосунан баштап киргизилген. Азыркы убакытта ал Афганистанда, Түндүк Индияда, Иранда, Сирияда кеңири тараган.

Өрүк *Armeniaca* Scop. айрым түрүнө жана роза гүлдүүлөр *(Rosaceae)* уруусунун кара өрүк *(Prunoideae)* кичи уруусуна кирет. К. Линней өрүктү жалпы *Prunus* тукумуна киргизген, ал эми Турнефор болсо, аны өзүнчө түргө бөлүп чыккан, бул классификацияны көпчүлүк ботаниктер колдойт [5]. Жөнөкөй өрүктүн сортторун классификациялоо боюнча көпчүлүк авторлор аракет жасашкан: Н.И. Шавров (1911), Е.Я. Ачкинази (1933), К.Н.Богушевский (1935), И.С. Васильев (1936), A. Loshnig (1954) [8]. Бул өсүмдүктүн систематикалык таандыктыгын толугу менен изилдеп чыккан окумуштуулар: Костина К.Ф.(1936), Ковалев Н.В. (1963), Черепанов С.К. (1995), Крюкова И.В. (1989) жана башкалардын эмгектерин анализдеп, жыйынтыгында аны 8 түргө бөлдүк: кадимки өрүк (*Armeniaca vulgaris* Lam.), Сибирь өрүгү (*A.sibirica* (L.) Lam.), маньчжур өрүгү (*A.mandshurica* (Maxim.) Skvortz.), Давид өрүгү (*A.davidiana* Carr.), Ансу өрүгү (*A.ansu*(Kom.), Тибет өрүгү (*A.holosericea* (Batal.) Kost.), муме өрүгү (*A.mume* Sieb), бодуракай көк мөмөлүү өрүк (*A.dasycarpa* (Ehrh.) Borkh.).

К.Ф. Костинанын ишинде өрүктүн көпчүлүк сорттору *Armeniaca vulgaris* Lam. түрүнө кирет. *Armeniaca* тукумунун ареалы батышта алдынкы Азияга жана Закавказьяга чейин жетип, Кытайдын, Орто Азиянын тоолуу райондорун камтыйт. Жөнөкөй өрүк байыркы замандан бери өстүрүлөт. Бул өсүмдүктүн сортторун так атоо кыйын, анткени өсүмдүктүн байыркы районунда данек аркылуу көбөйүүдөн улам көп түрдүү формалары пайда болгон, аларды эсепке алуу оор. Азыркы убакытта жүздөн ашык сортторун белгилесе болот [9].

В.И. Авдеевдин (1999) жана Р.Г. Ноздрачеванын (2008) иштеринде жөнөкөй өрүк Орто Азиянын тоолуу райондоруна, Түндүк-Батыш Кытайда, Түштүк-

Чыгыш Тибетте жапайы түрүндө өсөт деп белгиленет. Бул түр полиморфтуу. Өсүмдүктөр таштуу жана кургак күнөстүү жантаймаларда абдан жакшы өсөт. В.Л. Витковскийдин (2003) ишинде алар Орто Азияда көбүнчө деңиз деңгээлинен 1000-1300 м бийиктикте, Тибетте анданда бийигирээк деңиз деңгээлинен 3000 м бийиктикте кездешээри берилген, ал эми Лхасы районунда жайгашуунун жогорку чек арасы 3600 м белгиленген.

Н.В. Ковалев маданий кадимки өрүктүн келип чыгуусун 4кө бөлөт: чыгыш азиялык, батыш-азиялык, кавказдык жана түштүк-европалык.

Өрүктөрдүн сортторунун ар түрдүүлүгү жана формалары, аларды системалоого жана ботаникалык-географиялык классификациялоого алып келет. Азыркы учурда эң ыңгайлуу система К.Ф. Костинанын (1953, 1956, 1964) ишинде берилген, ал аларды 4 негизги ботаникалык-географиялык топко бөлгөн: Орто Азиялык, Жунгардык-заилийлик, Ирандык-Кавказдык жана Европалык. Топтор болсо өз учурунда географиялык принциптер боюнча кандай болсо, ошондой эле кээ бир биологиялык, помологиялык жана товардык-технологиялык белгилеринин комплекси боюнча кичи топторго бөлүнөт. Морфологиялык, товардык-технологиялык белгилери боюнча, жакын жана колдонуу мүнөзү боюнча бул же тигил кичи топко кирген генетикалык тектеш сорттор-сортотиптерди түзөт.

**Орто Азиялык топ**. Өсүүсү тез, өнүгүүсү күчтүү, узакка жашай тургандыгы, мөмө берүүгө кеч киришүүсү, мөмөсүнүн бышуусу – эрте (май) жана кечки (сентябрь) болуп айырмаланат. Гүлдөө убагы боюнча эрте жана кеч гүлдөөчү, кышкы терең тыныгуу мезгили менен закавказдык жана европалык сорттордон айырмаланат. Орто Азиялык топтогу сорттордун мөмөлөрү негизинен майда, бирок канттуулугу жогору. Мөмөлөрүн жаңы бышкан жана кургак мөмө түрүндө пайдаланышат, бул сорттордун кургак затынын алынышы европалык сортторго караганда, 1,5-2 эсеге жогору. Кургатылган мөмөлөрдү алууга эң жакшы сорттор болуп: Исфарак, Хурмаи, Субхони, Бабаи эсептелет. Мөмөлөрү жогору канттуулугу менен айырмаланат. Кеч жетилүүчү (бышуучу) сортторду чыгарууда селекциялык иштерде кеч-пышар, кечки намангандык сорттор чоң мааниге ээ.

Орто Азиялык топтун кемчилиги болуп, алардын микроорганизмдер себепкер болгон илдеттерге кабылуусу эсептелет. Ашкана сорттору мөмөлөрүнүн түсүнүн ачыктыгы менен айырмаланат. Алар Өзбекстан, Тажикстан жана Кыргызстанда жайылган, аларга Арзами, Ахрори сорттору кирет.

**Жунгардык-заилийдик**. Абдан жөнөкөй топ, өзүнө жергиликтүү маданий формаларды камтыйт, Казахстандын Талды-Коргон облусунун Джаркент районунда (азыркы Панфилов жана Көктал райондору), ошондой эле коңшулаш Алма-Ата областында жана Кытайдын түндүк-батышындагы Кулджа районунда таралган. Таралуу ареалы боюнча жапайы өрүктөрдүн ареалынын түндүк бутагы менен дал келүүчү жана келип чыгуусу менен тыгыз байланышкан бул топ, райондордун катаал кышынын шарттарында табигый жана жасалма тандоонун таасиринде калыптанган, кышкы суукка туруштук берүүсү менен мүнөздөлөт, ал жерде кышкы суук -30°С жетет.

**Ирандык-Закавказдык топтун** сорттору мөмөлөрүнүн түрү боюнча орто-азиялык топторго жакын. Буларга ашканалык, консервалык жана кургак жемиш сорттору кирет. Алардын арасында кыйгылдуулугу төмөн жана начар даамдуу (жыттуу), ачык эттүү формалар басымдуулук кылып, илдеттерге туруктуулугу начар, кышкы тыныгуусу кыска жана кышка туруштук бере албагандыгы менен айырмаланат.

Шалах, Хосровшан, Бадем-Эрик, Табарза сорттору баалуу чоң мөмөлүү, Закавказ райондорунда жайылтылган жана жаңы сортторду чыгаруу боюнча селекцияга колдонулат.

**Европалык топ**. Сортторунун түрлөрүнүн аздыгы, бирок жогорку товардык сапаттуулугу менен айырмаланат: мөмөлөрү чоң, жагымдуу жана кычкыл даамдуу. Бул топтун өрүктөрү өтө күчтүү эмес жана көпкө жашабайт. Краснощёкий, Ананасный, Амброзний жана башка сорттордун сортотиптери бар.

Өрүктү жогорку сапаттагы продукция берүүчү маданий өсүмдүк катары иштетүүгө Кыргызстандын түштүгүндө бардык табигый мүмкүнчүлүктөр бар. Өрүктүн сортторунун мөмөлөрү жогорку биологиялык витаминдик баалуулукка жана минералдык курамга ээ болуу менен технологиялык сапаты боюнча айырмаланып, кургак жана жаңы түрдө пайдалана турган функционалдуу түшүм болуп саналат. Ошол себептен көп жылдар бою Кыргызстандын түштүк аймагында өрүктүн жогорку сапатта кургатууга жарамдуу жана ашканалык сорттору өстүрүлөт.

Кыргызстанда өстүрүлгөн данектүү өсүмдүктөр арасында өрүк өзгөчө орунду ээлейт. Түштүк Кыргызстанда өрүктүн жогорку сапатта кургатылуучу жана ашкана сорттору өстүрүлгөн.

1937-жылы өрүктүн Кыргызстанда илимий ыңгайлаштырылуусу, мөмөлүү өсүмдүктөрдүн сортун изилдөөнү жана коллекция түзүүнү уюштурган. Кыргыз мөмө-жемиш станциясын уюштуруудан башталган. Дыйканчылык илимий-изилдөө институтун жана таянуучу пункттарды, тармактарды уюштуруу менен республика боюнча өрүктүн биологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөө колго алынган. Өрүктүн коллекцияларын изилдөө менен КР УИАнын Ботаникалык багында - Э.З. Гареев, дыйканчылык илимий-изилдөө институтунда - У.Г. Аракельян, С.Г. Абдрахманов, Э.А. Башмаковдор изилдешкен.

Аталык өсүмдүктөр катары мыкты кургатылуучу жана ашкана сорттору пайдаланылган. Бул жумуштардын жыйынтыгында Э.З. Гареев тарабынан 16 кургатылуучу жана ашкана багытындагы сорттор чыгарылган [1]. Дыйканчылык илимий-изилдөө институ-

тунда селекция иштери С.Г. Абдрахманов тарабынан жүргүзүлгөн.

Сорттор аралык аргындаштыруу үчүн Фергана тобунун сортторун: Арзами, Ахрори, Мирсанджели, Хурмаи; батыш Европа тобунун сортторун: Королевский, Краснощекий, Ананасный, Венгерский лучший, Ранний красный, Комсомолец; Иран-Кавказ тобунун сортторун: Абдухалик, Абуталиб ж.б. колдонушкан. Селекция иштеринин жыйынтыгында 10 сорт бөлүнүп чыгарылган, анын ичинде: Фрунзенский ананасный, Хурмаи фрунзенский, Хурмаи горный, Комсомолец Киргизии [2]. Чүй өрөөнүндө өрүктүн сортторунун массалык түрдө жок болуусунун жыйынтыгында, ыңгайлаштыруу жана сортту изилдөө боюнча жумуштар башка аймактарда жүргүзүлгөн. Түштүк Кыргызстанда С.Г. Абдрахманов тарабынан өрүктүн 25 сортунан турган коллекцияны изилдөө иштери өрүктүн мыкты кургатылуучу сортторун өстүрүү үчүн мөмө зоналарынын кичи райондорунда жүргүзүлгөн.

Ысык-Көлдө Э.А. Башмаков тарабынан өрүк боюнча илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Ал өсүмдүктүн борбордук мөмө зонасындагы абалын жана 43 сорттун биологиялык өзгөчөлүктөрүн иликтеген [1].

Европа тобунун сортторуна гүлдөө фазасынын фенологиялык өнүгүшүнө 200-250$^0$С жана мөмөлөрдүн бышып жетилүүсүнө 1800-2000 градуска чейин оң температуранын суммасы керектелүүсү аныкталган. Сорттордун Орто Азия тобу өзүнүн өнүгүүсүнө көбүрөөк жылуулук талап кылат. Бул сорттор оң температуранын суммасы 200-250 градуста гүлдөйт, мөмөлөрү 2000-2250 градуста бышып жетилет. Бул зонада өсүү шарттары өрүктүн мөмөлөрүн үзүлгөн бойдон колдонууга же консервалоого, ошондой эле кургатылган мөмөлөрдү алууга өстүрүүгө жагымдуу келет. Чыгыш тобуна караштуу сорттор канттуу мөмөлөрү менен айырмаланат.

Илимий мекемелердин жана бардык облустарда түзүлгөн мөмө питомниктердин иштөөсү Республикада, өзгөчө багбанчылыктын тоо зоналарында жана Ысык-Көл ойдуңунда өрүктүн сортторунун кеңири таркалуусуна алып келди. Гареев Э.З. 1959-жылга карата республикада эң кеңири таркаган өрүктүн сортторун атаган [2].

1960-жылы Мамлекеттик сорт сыноо бөлүктөрдүн уюштурулушу менен, Республиканын аймагында 1964-жылы өрүктүн 101 сорту сыналган, 7 мөмө сорттук аймак түзүлгөн. Өрүктүн түрдүү топторунун өкүлдөрүнөн сыналып жаткан 100дөн ашуун сорттордун ичинен, Мамлекеттик реестрде 2010-жылга 11и гана калган, калгандары сыноо регионунун шарттарына ыңгайланышып кете алган жок. Өсүп кетүүнүн белгилүү шарттарына экологиялык жөндөмдүүлүк, ошондой эле калкка мөмөлөрдүн сортторуна жана колдонуу багыттарына артыкчылык берүү түштүк облустарда Орто Азия тобунун кышка туруктуу жана жылуулукту сүйгөн сортторун райондоштурууга көмөктөшкөн. Мөмөлөр бышкан мезгилде Түштүк облустарда жаан-чачын анча көп болбойт жана салттуу ачык аба мейкиндигинде кургатууга шарттар бар. Калк илгертен эле өрүктү кургатуу менен алектенет, жергиликтүү технологияларды билет. Түндүк облустарда кышка туруктуу жана жылуулукту аз талап кылган европа тобунун сорттору райондолгон.

Э.З. Гареев өрүктүн туруктуу сортторун тандап алуу жана чыгаруу максатында, Ысык-Көл ойдуңунда даярдалган европалык, өзбекстандык жана тажикстандык жогорку сапаттагы уруктарды колдонуп, сорттор аралык гибридизацияны жүргүзгөн.

Кыргызстандын түштүгүндө өрүк өсүмдүктөрү негизинен Фергана өрөөнүнүн тоо этектеринде өсүп, жалпы бак аянттардын 40-50% ын ээлейт.

Өстүрүлүүчү Исфарак, Мирсанжели, Арзами, Ахрори, Субхони, Хурмаи (Хурмаи кызыл, Хурмаи каду) жана Курсадык сорттору Фергана сортотиптерине кирет. Акыркы сортотиптердин сорттору бул жакка Зеравшан өрөөнүнөн алынып келинген.

Түштүк Кыргызстандын тоо зоналарынын аянтынын 5% өрүк ээлейт. Орто Азиянын сортторунан (Арзами, Ахрори, Исфарак) башка бул жакка европа тобунан Королевский жана Краснощекий эки сорту алынып келинген.

Түндүк Кыргызстанда өрүк аз өстүрүлөт бактардын 1-2% аянтын өрүк ээлейт, ал эми түштүк Кыргызстанда 80-90%.

**Адабияттар:**


1. Аракельян У.Г. Рекомендации по интенсификации садоводства Иссык-Кульской области [Текст] / У.Г. Аракельян, Ю.В. Куземо, С.Ш. Маленчинов Л.А. Лысенко. - Фрунзе: Изд-во АН КиргССР, 1987.-С. 30.
2. Аракельян У.Г. Рекомендации по созданию высокопродуктивных садовв Киргизии [Текст] / У.Г. Аракельян, В.Ф. Хилько. - Фрунзе: КиргизНПО по земледелию, 1989. - С. 35.
3. Аракельян У.К. Культура абрикоса в Киргизской ССР [Текст] / В кн.: Абрикос. - Ереван, 1970.
4. Гареева Э.З. Основы плодоводства Кыргызстана [Текст] / под ред. Э.З. Гареев. - Фрунзе: Кыргызстан, 1971. - С. 331.
5. Жуковский П.М. культурные растения и их сородичи [Текст] / П.М. Жуковский. - Л.: Колос, 1971. - С. 475
6. Момунова Г.А. Эколого-биологические особенности интродуцированных сортов абрикоса в Кыргызстане. [Текст] / Г.А. Момунова, З.А. Тешебаева Б.Н. Шамшиев. // Известия ОшТУ, №1. - 2015. - С. 161-164.
7. Мирзаев М.М. Культура абрикоса в Узбекистане [Текст]. - Т., 2000.
8. Смыков В.К. Абрикос [Текст]: Моногр. / В.К. Смыков. - М.: Агропромиздат, 1989. - С. 240.
9. Ткаченко В.И. Деревья и кустарники дикорастущей флоры Киргизии и их интродукция [Текст] / В.И. Ткаченко. – Фрунзе: Илим, 1972. - С. 327.